КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО ЖОЛ-ЖОБОСУНУН ЭСКЕРТМЕСИ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

IFES Международный фонд избирательных систем

Бишкек-2021

# Шайлоочулар менен иштөө, жүрүм-турум этикасы, милдеттер

1. Оператор жарандарды урматтоо принциптерин жетекчиликке алуу менен колдон келишинче сылык болушу керек.
2. Идентификациялоо процессинде идентификациялоонун технологиясын сактоо зарыл.
3. Жабдуулардын комплекси менен иштөөдө коопсуздук чараларын сактоо керек.

Абдан кунт коюу зарыл:
- идентификациялоо системасына паролдорду киргизүүдө;
- монитордо көрсөтүлгөн шайлоочунун жүзү менен сүрөтүн көрүп салыштырганда;
- идентификациялоо системасы менен иштөөдө;
- идентификациядан өткөндүгү жөнүндө чекти бергенде.





# ОПЕРАТОРГО ТЫЮУ САЛЫНАТ!

- Жарандарга, байкоочуларга же УШК мүчөлөрүнө орой мамиле жасап, талашып-тартышууга,
- Жарандын шайлоочулардын тизмесине кирбей калышынын себептери жөнүндө түшүндүрмө берүүгө (мындай учурларда жаранга 119 ишеним телефонуна кайрылуу зарылдыгы жөнүндө айтуу жетиштүү. Чалуу бардык уюлдук операторлор үчүн акысыз).
- Шайлоо участогунда иштөөнүн жүрүшүндө ага белгилүү болгон системанын паролдорун жана башка маалыматты ачыкка чыгарууга, таратууга жана берүүгө.
- Өз милдеттерин аткарып жатып кимдир бирөөнүн тилине кирип келишип алууга.
- Шайлоочулардын жеке маалыматтары, жарандын ким экендигин ырастоочу документтери менен манипуляциялоого жана башка мыйзамсыз аракеттерди жасоого.
- Ишенип берилген жабдууларды кароосуз калтырууга жана ага чоочун адамдардын кирүүсүнө жол берүүгө.

- Шайлоо участогунун жайларынан жабдууларды алып чыгууга (добуш берүү күнүнө бир күн калганда добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде шайлоочуларды идентификациялоону кошпогондо).
- Жабдууларды ачып, шаймандын пломбасын бузууга.
- Жабдууларды өз алдынча ремонттоого.
- Белгисиз тараптын жабдууларын же маалымат сактагычын туташтырууга.
- Жабдууларды өз максатынан башкага колдонууга.



БШК шайлоо башталганга чейин 3 (үч) календардык күн калганда жабдуулардын комплекттерин, чыгымдалуучу материалдарды жеткирет жана жабдуулардын коопсуздугун жана сакталышын камсыз кылуу боюнча талаптарды аткаруусу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берет.

- Добуш берүү күнүнө 2 (эки) календардык күн калганда идентификациялоо боюнча операторлор шайлоо участкаларында жабдууларды туташтырат жана идентификациялоо жасабай эле шайлоо күнү шайлоочуларды идентификациялоону өткөрүүгө жабдуулардын жана системанын даярдыгын текшерүүнүн толук циклин жүргүзүшөт.
- Идентификациялоо системасын ишке киргизүү үчүн идентификациялоо оператору логин жана паролду киргизүү менен авторизацияны ишке ашырат.
- Паролдор Мамкаттоо кызматы тарабынан борбордук деңгээлде ар бир УШК үчүн түзүлөт жана алдын ала атайын чапталган конверттерде шайлоо участкаларына жеткирилет.
- Эгерде оператор паролду туура эмес киргизсе, система аны кайра киргизүүнү суранат. Эгерде пароль 5 (беш) жолудан ашык туура эмес киргизилсе, система автоматтык түрдө 5 (беш) мүнөткө блоктолот. Бул убакыт идентификациялык оператор тарабынан паролду текшерүү жана тактоо үчүн керек.
- Система ийгиликтүү авторизациядан өткөндөн кийин оператор серверде дата менен убакытты орнотот. Параметрлерди койгондон кийин идентификациялоо оператору идентификациялоо системасын ишке киргизет жана биринчи отчетту басып чыгарат. Идентификациялоочу оператор УШКнын төрагасына баштапкы отчеттун бир нускасын берүүгө милдеттүү. Идентификациялоочу оператор биринчи отчеттун экинчи

нускасын добуш берүү күнү аяктаганга чейин сактоого милдеттүү. Мамкаттоо кызматынын оператору байкоочулардын талабы боюнча баштапкы отчеттун кошумча нускаларын басып чыгарууга укуктуу.

- Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү учурунда шайлоочуларды идентификациялоо добуш берүү күнүнө 1 (бир) күн калганда идентификациялык оператор тарабынан чүчү кулак аркылуу добуш берүү күнүнө 2 (эки) күн калганда аныкталган УШКнын мүчөсү менен бирге жүргүзүлөт.

- Добуш берүү күнүндө добуш берүү процедурасы башталганга чейин УШКнын мүчөсү чүчү кулак аркылуу аныктагат, ал идентификациялоо оператору менен бирге шайлоочуларды жеке (паспорттун MRZ-зонасы) жана биометрикалык маалыматтары боюнча идентификациялайт. (манжалардын изи жана бети боюнча).

• Шайлоо участкасында шайлоочуларды идентификациялоону идентификациялоо оператору УШКнын мүчөсү менен бирге жүргүзөт, алардын аты-жөнү идентификациялык система ишке киргенде ага киргизилет.

• Идентификациялоонун оператору жана УШК мүчөсү биргелешип жарандарга идентификациялоонун жол-жобосун түшүндүрүшөт.

• Идентификациялоо оператору жаран паспортун көрсөткөндө шайлоочу менен паспорттогу фотосүрөттү милдеттүү түрдө визуалдык текшерүүнү жүргүзөт.

•Дал келген учурда идентификациялоочу оператор сканерлөө үчүн камеранын жардамы менен шайлоочунун паспортунун MRZ-зонасын сканерлейт, андан кийин шайлоочуну ошол шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын электрондук тизмесинен автоматтык түрдө издөө башталат. Дал келбеген учурда

- идентификациялоочу оператор шайлоочуга паспортту кайтарып берет, шайлоочунун идентификацияланууусуна жол берилбейт.

• Шайлоочу идентификациялоодон паспорт менен ийгиликтүү өткөн учурда шайлоочу биометрикалык маалыматтар - манжа издери менен идентификацияланат. Манжа издерин сканерлөө аракетинин саны 10 (он).

• Эгерде шайлоочу манжанын изин идентификациялоодон ийгиликтүү өтсө, анда ноутбуктун мониторунда жана көрсөтө турган монитордо төмөнкүлөр көрсөтүлөт: сүрөт, шайлоочулардын тизмесиндеги катар номери жана идентификациядан өткөн шайлоочунун аты-жөнү, ошол шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын жалпы саны жана ошол шайлоо участогунан идентификациялоодон өткөн шайлоочулардын саны көрсөтүлөт, идентификациялангандан кийин шайлоочуга шайлоочулардын тизмесиндеги катар номерин көрсөтүү менен чек басылып чыгарылат.

- Чекте чектин катар номери, УШК номери, шайлоочуну идентификациялоонун датасы жана убактысы, шайлоочунун жеке идентификациялык номери (ПИН), шайлоочунун аты-жөнү, шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочунун катар номери көрсөтүлөт.

- Шайлоочу манжа изи боюнча идентификациядан өтпөгөн учурда

камеранын жардамы менен жүзү боюнча идентификацияланат. Мында шайлоочунун жүзү тиешелүү шайлоо участогунун биометрикалык маалымат базасында бар фотосүрөт менен салыштырылат. Бет боюнча идентификациялоо аракеттеринин саны - 1 (бир). Идентификациядан ийгиликтүү өткөн учурда шайлоочунун идентификациядан өткөндүгү жөнүндө чек автоматтык түрдө басылып чыгат.

- Чек басылып чыккандан кийин шайлоочуну идентификациялоо процесси аяктады деп эсептелет.
- Эгерде жаран манжа изи же жүзү боюнча идентификациялоодон өтсө, бирок чек басылбаса, идентификациялоо процесси бүтө элек деп эсептелет жана идентификациялоо процедурасы кайрадан өткөрүлөт.
- Шайлоочунун идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чеги болбосо ага шайлоо бюллетени берилбейт, шайлоочуга добуш берүүгө жол берилбейт.
- Мурда идентификациядан өткөн жана чек алган шайлоочу кайра идентификациялоого аракет кылган учурда идентификациялоо операторунун ноутбугунда жана обзордук монитордо бул шайлоочу идентификациялоодон өткөн күнү жана убактысы көрсөтүлгөн билдирүү пайда болот, анда чек басылбайт жана шайлоочуга кайра добуш берүүгө жол берилбейт.
- Идентификациялоо процесси аяктагандан кийин идентификациялоочу оператор шайлоочуга паспортун кайтарып берип жана шайлоо бюллетенин алуу үчүн зарыл болгон чекти тапшырат.
- Жеке же биометрикалык маалыматтары боюнча идентификацияланбаган шайлоочуларга чек басылбайт жана бюллетень берилбейт, ошол эле учурда идентификациялоо операторунун ноутбугунда жана обзор мониторунда тиешелүү билдирүү көрсөтүлөт.
- Шайлоочуларды идентификациялоо тутумунун жана/же жабдуулар иштебей калган учурда идентификациялоо оператору белгиленген формадагы актыга бузулуунун датасын, убактысын, мүнөзүн көрсөтөт.

- Шайлоо участкасында добуш берүү жол-жобосу аяктагандан кийин идентификациялоочу оператор системанын жана/же жабдуулардын иштөөсүндөгү бузулуу фактылары жөнүндө 2 (эки) нускада акты түзөт жана ага кол коет. Актынын бир нускасы УШКнын төрагасына берилет, экинчи нускасы идентификациялоочу оператордо калат.
- Шайлоону өткөрүү күнү добуш берүү учурунда жана добуш берүү шайлоо участогунан тышкары жерде болгон күнү УШКда

идентификациялоодон өтпөгөн шайлоочулардын тизмесин түзүлөт, ага УШКнын төрагасы жана бардык мүчөлөрүнүн колу коюлат. Идентификациялоодон өтпөгөн шайлоочулардын тизмесинин көчүрмөсү АШКга жөнөтүлөт.

- Шайлоочуларды идентификациялоону жүргүзгөн идентификациялык оператор жаран паспортун көрсөтпөсө, идентификациялоо процедурасынан баш тартууга милдеттүү.

- Эгерде добуш берүү күнү биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочу ошол шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилбеген болсо, шайлоочу же УШКнын мүчөлөрү түшүндүрмө алуу үчүн Мамкаттоо кызматынын телефондон тейлөөчү борборуна 119 номери боюнча кайрылууга укуктуу (чалуу бардык уюлдук телефондор жана стационардык операторлор үчүн акысыз).

  - Добуш берүү күнү шайлоочулар жөнүндө маалыматты тактоо үчүн шайлоо участкалары автоматташтырылган маалымат системасы «УШКнын маалымдамасы» (мындан ары – АМС «УШКнын маалымдамасы») орнотулган компьютерлер менен жабдылган. АМС «УШКнын маалымдамасы» ошол шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмесине кирбеген шайлоочуларга жардам берүү үчүн иштелип чыккан. Шайлоочу боюнча АМС "УШКнын маалымдамасы" системасынан суроо шайлоочунун паспортунда көрсөтүлгөн ПИН боюнча жиберилет. Жооп шайлоо участогунун дарегин жана номерин көрсөтүү менен жана шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочу бар маалымат түрүндө берилет. «УШКнын маалымдамасы» АМСтин иштөөсү үчүн жооптуу атайын даярдалган оператор болуп, анын бул ишке иштөөгө тиешелүү формадагы уруксаты болот. «УШКнын маалымдамасы» АМСке кирүү жеке логин жана пароль аркылуу ишке ашырылат.

  - Шайлоочуларды идентификациялоо системасы шайлоо күнү саат 21:00дө автоматтык түрдө блоктолушу керек. Саат 21:00дөн кийин шайлоочуларды идентификациялоо мүмкүн болбой калат. Добуш берүүчү жайдан тышкары жердеги шайлоочулар добуш берген күнү идентификациялоо системасы ошол күнү саат 21:00дө автоматтык түрдө блоктолот.

  - Идентификациялоочу оператор УШКнын төрагасына отчет берет. Шайлоо участогунда добуш берүү аяктагандан кийин УШКнын төрагасы идентификациялоо операторунан кол коюлган алгачкы жана жыйынтыктоочу отчетторду, шайлоочуларды идентификациялоо боюнча чектерди жана техникалык бузулуулардын актыларын (эгерде бар болсо) талап кылууга милдеттүү.

  - Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү учурунда шайлоочуларды идентификациялоо оператор тарабынан добуш берүү күнүнө 1 күн калганда жүргүзүлөт!

- Имараттан тышкары добуш берүү өткөрүлө турган УШКларда ошол күнү оператор:
- - жарандарды жана УШКнын мүчөлөрүн идентификациялоодон өткөрбөстөн туруп жабдуулардын комплекттерин кошот, жабдуулардын иштей турганын текшерет!!!

- - загружает систему идентификации и вводит на сервере пароль, указанный в прилагаемом специальном конверте;
- Пароль ГВП и основной день голосования – один и тот же.
- - печатает на сервере Первичный отчет. Один экземпляр Первичного отчета оператор идентификации обязан предоставить председателю УИК;
- -второй экземпляр Первичного отчета оператор идентификации обязан сохранить до завершения дня голосования.
- - после чего отключает оборудование и формирует комплект оборудования (сервер, принтер, сканер отпечатков пальцев, камера сканирования MRZ-зоны паспорта и лица избирателя) для проведения идентификацииизбирателей вне помещения для голосования;
- - вместе с избранными членами участковой комиссии выезжает к гражданам для проведения идентификации вне помещения для голосования;
- - идентификация избирателей ГВП проводится аналогично идентификации избирателей в основной день голосования (см. раздел «Идентификация в основной день голосования»);
- - после окончания идентификации избирателей, включенных в список избирателей для голосования вне помещения (ГВП), оператор распечатывает Итоговый отчет. Один экземпляр Итогового отчета оператор идентификации обязан предоставить председателю УИК.
- В тех избирательных участках, где не будет проходить голосование вне помещения, оператор идентификации подключает все комплекты оборудования, включает его, проверяет готовность оборудования и выполняет загрузку системы, распечатывает Первичный отчет.

- Без проведения идентификации граждан и членов УИК!

- В 20:00часов операторы распечатывают Итоговый отчет и выключают оборудование.

- В день выборов, за 1 час до начала голосования, все операторы включают комплекты оборудования и запускают систему.

- Для запуска системы идентификации оператором производится авторизация посредством ввода пароля.

- Пароли генерируются ГРС на центральном уровне для каждой УИК и доставляются заранее на избирательные участки в специальных запечатанных конвертах.

- В случае неверного ввода оператором идентификации пароля система потребует его повторного ввода.

- В случае неверного ввода пароля более 5 раз система будет автоматически заблокирована на 5 минут. Данное время необходимо для проверки и уточнения пароля оператором идентификации.